**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 9-октябры №52** **Кара-Суу айылы**

**2022-жылдын бюджетинен үнөмдөлүп калган акча каражатынын ичинен жумшалбай калган акча каражаты жөнүндө**

Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековдун 2022-жылдын бюджетинен үнөмдөлүп калган акча каражатынын ичинен жумшалбай калган акча каражаты жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз 39-сессиясы **токтом кылат:**

1.2022-жылдын бюджетинен блок кирпич, брусчатка чыгарганга бокс курууга жумшалбай калган 1 332 075 сом акча каражатынын ичинен төмөндөгүлөргө жумшалсын:
- Забира апа атындагы бала бакчасынын айланасына брусчатка төшөөгө 800 000 сом акча каражаты жумшалсын;
- Забира апа атындагы бала бакчасынын кире беришине көпүрө салууга 300 000 сом акча каражаты жумшалсын;
- ФАПтын кошумча корпусунун курулуш иштерине өздүк салым 850 000 сом акча каражаты жумшалсын;
-Айыл өкмөтүнүн кеңсесине чарба буюмдарын алууга 45 000 сом жумшалсын.

2.2022-жылдын бюджетинен Ч.Сулайманов атындагы эс алуу парктын айланасына отургучтарды орнотууга 200 000 сом, матрица поддон алууга 200 000 сом,
Кара-Суу айыл өкмөтүнүн кеңсесине офисный мебель алууга 60 000 сом жумшалбай калган акча каражаттары төмөндөгүдөй жумшалсын:
- Забира апа атындагы бала бакчасына идиш сатып алууга 460 000 сом жумшалсын.

3.А.Карыпкулов атындагы орто мектебинин алдына чатыр курууга 560 000 сом жумшалбай калган акча каражатынын ичинен төмөндөгүдөй жумшалсын;
- А.Карыпкулов атындагы орто мектепке өрт коопсуздугуна каршы сигнализация орнотуу үчүн 300 000 сом акча каражаты жумшалсын.

4.Каралган акча каражатты өз убагында которуп алып берүү жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Н.Эсеналиевага милдеттендирилсин.

5.Таштанды таштоочу жайдын багытын өзгөртүүгө каралган 230 000 сом акча каражатынын ичинен төмөндөгүлөргө жумшалсын:
- Забира апа атындагы бала бакчасынын жер кыртышын аныктоо үчүн 50 000 сом акча каражаты каралсын;
- көз карандысыз эксперт Н.Бектуровдун мамлекеттик сатып алуулар боюнча кызмат көрсөткөндүгү үчүн 15 000 сом акча каражаты каралсын;
- таштанды таштоочу урналарды алууга 30 000 сом акча каражаты каралсын.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин муниципалдык менчик экономикалык өнүктүрүүнүн пландары бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча туруктуу комиссия курамына жүктөлсүн.

**Төрага** **Р.Биримкулов**